# Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу

## “Коомдоштуктардын демилгеси боюнча улуттук долбоор”

# 2-ТЕМА «БИР АЙЫЛ БИР ПРОДУКТ» КОНЦЕПЦИЯСЫ

# КИРИШҮҮ

Бул методикалык колдонмо Коомдоштуктардын демилгеси боюнча улуттук долбоордун (НПИС) алкагында «Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП) коомдук бирикмесинин эксперттери тарабынан даярдалган. Документ БАБП ыкмасын колдонуу аркылуу жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө жана коомдоштуктардын экономикалык демилгелерин колдоого жардам берүү үчүн иштелип чыккан.

Колдонмонун максаты — жергиликтүү продукцияны өнүктүрүү, аймактагы ресурстарды туура пайдалануу жана айыл аймактарында туруктуу киреше булактарын түзүү боюнча жөнөкөй жана түшүнүктүү ыкманы көрсөтүү. Документте БАБП концепциясы жана кошумча нарк түзүү жергиликтүү табигый, маданий жана адамдык ресурстарды рынокто суроо-талапка ээ болгон продукцияга айландырууга жардам берген практикалык инструменттер катары түшүндүрүлөт.

Бул колдонмо жергиликтүү жана регионалдык деңгээлде экономикалык өнүгүү менен иштеген адистер үчүн арналган. Аларга коомдоштуктарды өнүктүрүүнү колдоо боюнча эксперттер (ЭПРО), АРИСтин бизнес-тренерлери, НПИСтин облустук адистери, регионалдык координаторлор жана айыл аймактарындагы демилгелүү топтор менен иштеген консультанттар кирет. Ошондой эле бул документти долбоордун өнөктөштөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү да пайдалана алышат.

Колдонмо One Village One Product [1]эл аралык тажрыйбасына негизделген жана Кыргызстандын шарттарына ылайыкташтырылган. Бул ыкманын негизги принциптери — жергиликтүү ресурстарды колдонуу, кошумча наркы бар продукцияны өнүктүрүү, рынокко багыт алуу, өндүрүүчүлөрдүн биргелешип иштөөсү жана продукциянын сапатын камсыз кылуу. Ошондой эле өндүрүштү дайыма жакшыртуу үчүн 5S жана Kaizen сыяктуу ыкмалар колдонулат.

НПИС долбоорунун алкагында БАБП жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнүн маанилүү куралы болуп саналат. Бул ыкма калктын кирешесин көбөйтүүгө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана айыл аймактарынын экономикалык туруктуулугун бекемдөөгө жардам берет. Ошондой эле чийки затты жөн гана сатуу эмес, аны кайра иштетип, кошумча нарк түзүүгө шарт түзөт. Бул өз кезегинде кирешени коомдоштуктун ичинде сактоого жана аялдар менен жаштардын экономикалык ишмердүүлүккө көбүрөөк катышуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Бул колдонмонун биринчи бөлүмү «Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП) концепциясына арналган. Бул бөлүмдө БАБП ыкмасынын негизги принциптери, анын жергиликтүү продукцияны өнүктүрүүдөгү жана айыл аймактарынын экономикалык өсүшүндөгү ролу түшүндүрүлөт. БАБП концепциясын түшүнүү айыл аймактарында продукцияны түзүү, өнүктүрүү жана рынокко чыгаруу боюнча кийинки иштер үчүн маанилүү негиз болуп саналат.

[1] https://www.iovop.org/mdl/home/action/aboutus?utm_source=

## 2-ТЕМА «БИР АЙЫЛ БИР ПРОДУКТ» КОНЦЕПЦИЯСЫ

### 2.1. Тарыхы жана келип чыгышы

«Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП) концепциясы 1979-жылы Япониянын Оита префектурасында иштелип чыгып, ишке киргизилген. демилгеленген. Айыл жерлеринен калктын көчүп кетиши жана жергиликтүү жамааттардын ресурстары чектелүү болгон шартта негизги максат — ири өнөр жай долбоорлоруна же тышкы инвестицияларга көз каранды болбостон, жеринде туруктуу киреше булактарын түзүү болгон. БАБПнын негизги идеясы — ресурстарды гана эмес, адамдардын өзүн да аракетке келтирүү. Жамааттарга өз аймагынын өзгөчөлүгүн чагылдырган продуктту, кызматты же кол өнөрчүлүк багытын өздөрү тандап, аны рынокко ылайык өнүктүрүү сунушталган. Мында продукт келип чыгышы боюнча жергиликтүү бойдон калышы, бирок сапаты боюнча атаандаштыкка жөндөмдүү болуп, аймактан тышкары жерлерде да суроо-талапка ээ болушу керек. Бул ыкма көп учурда **«жергиликтүү — бирок кеңири рынок үчүн»** деген принцип менен түшүндүрүлөт.




Японияда БАБП концепциясы Оита префектурасынын губернатору Морихико Хирамацу тарабынан сунушталган үч негизги принципке таянган:

1 **Жергиликтүү — бирок кеңири рынок үчүн:** Продукт белгилүү бир аймактын өзгөчөлүгүн, маданиятын, ресурстарын жана салттарын чагылдырышы керек. Ошол эле учурда ал сапат талаптарына жооп берип, жергиликтүү эле эмес, тышкы рынокто да атаандаша алышы зарыл.

2 **Өз алдынча аракет жана чыгармачыл ыкма:** Демилге жергиликтүү тургундардын өзүнөн чыгышы керек. Продуктту өнүктүрүү сырттан жардам күтүүгө эмес, өз күчүнө, билимине жана идеясына таянууга негизделет. Бул жерде жаңы чечимдерди таба билүү жана рынокко ылайыкташуу маанилүү.

3 **Адамдык потенциалды өнүктүрүү:** Негизги максат — жөн гана продукт чыгаруу эмес, адамдарды өнүктүрүү. Бул процессте көндүмдөр, ишкердик ой жүгүртүү жана лидерлик сапаттар калыптанып, жамааттын узак мөөнөттүү өнүгүшүнө шарт түзүлөт.

Ушул үч принцип БАБП концепциясынын негизин түзөт жана аны кадимки өндүрүштү колдоо программаларынан айырмалап турат.

Бул ыкманын негизги милдети — жергиликтүү ресурстарга жана билимге таянган продукттарды өнүктүрүү аркылуу жамааттарды экономикалык ишмердүүлүккө тартуу.

Ошол эле учурда «бир продукт» деген аталыш түз мааниде бир гана продукция менен чектелүүнү билдирбейт. Бул көбүрөөк жамаатты бир багытка мобилизациялоочу түшүнүк болуп саналат. Бул жерде негизги маселе — продукттун саны эмес, ыкманын принциптерин сактоо.

Практикада бул принциптер өндүрүштү уюштуруунун, сапатты камсыз кылуунун жана рынокту өнүктүрүүнүн ырааттуу кадамдары аркылуу ишке ашырылат.

БАБП ишке ашыруудагы 6 маанилуу кадам




**Сүрөт: БАБП концепциясын ишке ашыруунун негизги ыкмалары**

Ошентип, БАБП жамааттарды активдештирүүнүн, экономикалык демилгени өнүктүрүүнүн жана жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн өз ишинин сапаты менен туруктуулугуна жоопкерчилигин күчөтүүнүн маанилүү куралы катары каралат.

Кийинчерээк БАБП концепциясы эл аралык деңгээлде кеңири таанылып, Азия, Африка жана Европа өлкөлөрүндө жергиликтүү шарттарга ылайыкташтырылган. Ар бир өлкөдө ыкма жамааттардын түзүлүшүнө, рыноктун өнүгүү деңгээлине жана социалдык-экономикалык шарттарга жараша өзгөртүлгөн. Бирок өзүн-өзү уюштуруу, сапат жана рынокко багыт алуу сыяктуу негизги принциптер сакталып калган.

Кыргыз Республикасында БАБП концепциясы 2007-жылдардан баштап Япониянын эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) колдоосу менен Ысык-Көл облусунда пилоттук түрдө киргизиле баштаган. Бул ыкма жамааттарды мобилизациялоо, өндүрүүчүлөрдү этап-этабы менен окутуу жана кошумча нарк чынжырынын бардык баскычтарында системалуу колдоо көрсөтүү аркылуу өнүккөн.

Ишке ашыруунун алгачкы жылдарында калктын мотивациясын жогорулатууга, негизги өндүрүш көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, өздүк наркты эсептөөгө жана рынок талаптарын түшүнүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Кыргыз моделинин маанилүү өзгөчөлүгү — БАБП башынан тартып түз субсидия, жабдуу же чыгымдардын ордун толтуруу берилген эмес. Бул ыкма жамааттардын өз күчүнө таянган өнүгүү механизми катары каралып, катышуучулардын жоопкерчилигин жана узак мөөнөттүү кызыгуусун күчөткөн.

2011-жылы Ысык-Көл облусунда «Бир айыл — бир продукт» ассоциациясынын түзүлүшү маанилүү этап болуп, пилоттук демилгеден туруктуу уюштурууучулук системага өтүүнү белгилеген. Ушул мезгилде өндүрүш топтору менен бизнес колдоо түзүмдөрүнүн ролдору так бөлүнгөн кыргыз модели калыптанган. Бул түзүм кийин **БАБП+1** деген аталыш менен белгилүү болгон. Мындай модель башкаруу жана финансылык тобокелдиктерди азайтууга, сапатты көзөмөлдөөгө жана продукцияны системалуу илгерилетүүгө шарт түзгөн.

Кийинки жылдары БАБП Кыргызстанда географиялык да, институционалдык да жактан кеңейген. Регионалдык бренд-комитеттер түзүлүп, сапатты сертификациялоо

жана өз алдынча текшерүү механизмдери киргизилген, өндүрүш цехтери жана устаканалар өнүккөн, ошондой эле ички жана тышкы рынокко чыгуу каналдары калыптанган. Кыргыз моделинин дагы бир өзгөчөлүгү — аялдардын активдүү катышуусу жана үй чарбасы менен айкалыштырылган иш формаларынын өнүгүшү болгон.

2020-жылдардын башына карата БАБП өлкөнүн ар кайсы аймактарында миңдеген өндүрүүчүлөрдү жана жүздөгөн өндүрүш топторун бириктирген масштабдуу система болуп калган. 2022–2023-жылдары «Бир айыл — бир продукт» концепциясына Кыргыз Республикасынын **Улуттук экономикалык долбоору** макамы ыйгарылган. Бул анын аймактарды өнүктүрүү, жергиликтүү өндүрүштү колдоо жана кошумча наркты жогорулатуу боюнча мамлекеттик саясаттагы маанисин бекемдеген.

Ошентип, Кыргызстандагы «Бир айыл — бир продукт» — бул 2007-жылы пилоттук демилге катары башталып, кийин улуттук экономикалык долбоор деңгээлине жеткен, этап-этабы менен калыптанган жана институционалдык жактан бекемделген жергиликтүү экономикалык өнүгүү модели. Кыргыз модели чакан кайра иштетүүгө таянганы, өндүрүш жана бизнес функцияларын бөлүштүргөнү, окутуу менен кооперацияга өзгөчө маани бергени жана сапатты рыноктун ишениминин негизи катары караганы менен айырмаланат.

## 2.2. «Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП) негизги принциптери

Кыргызстанда БАБПнын өнүгүү тарыхы — пилоттук демилгеден Улуттук Экономикалык Долбоорго чейин — туруктуу жыйынтыктар ири инвестициялардын эсебинен эмес, так принциптерди сактоо жана ырааттуу иш алып баруу аркылуу жетишилерин көрсөттү.

БАБПнын негизинде Японияда калыптанган принциптер жатат. Алар кийин Кыргызстандын шарттарына ылайыкташтырылып, эл аралык тажрыйба менен айыл жамааттары менен иштөөнүн практикалык механизмдерин айкалыштырган кыргыз модели түзүлгөн.

БАБПнын базалык принциптери (жапон ыкмасы)

Башында БАБП концепциясы үч негизги принципке таянат:

1 **Жергиликтүү - бирок кеңири рынок үчүн.** Продукт аймактын өзгөчөлүгүн, ресурстарын жана салттарын чагылдырышы керек. Ошол эле учурда ал сапат талаптарына жооп берип, рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү болушу зарыл.

2 **Өз алдынчалуулук жана демилгелүүлүк.** Өнүгүү жергиликтүү тургундардын өз күчүнө таянуу менен ишке ашат. Демилге жана жыйынтык үчүн жоопкерчилик туруктуу өнүгүүнүн негизги шарттары болуп саналат.

3 **Адамдык потенциалды өнүктүрүү.** Негизги максат — жөн гана продукция чыгаруу эмес, адамдардын көндүмдөрүн, ишкердик ой жүгүртүүсүн жана лидерлик сапаттарын өнүктүрүү.

### Кыргыз модели: ыкманы адаптациялоо

Кыргызстандын шартында бул принциптер төмөнкү жагдайларды эске алган практикалык методология менен толукталган:

- айыл жамааттарындагы ресурстардын чектелүү болушу
- окутууга жана коштоого муктаждык
- рынок менен баштапкы байланыштын алсыздыгы
- бейформал иш менен камсыз болуунун жогору деңгээли

Ошондуктан кыргыз модели принциптердин жыйындысы гана эмес, ресурстарды талдоодон тартып рынокко туруктуу чыгууга чейинки толук циклди камтыган так уюштурулган этаптык процесс болуп саналат.

| **Ресурстарды талдоо → продуктту иштеп чыгуу → рынокко туруктуу чыгуу** |
|---|

## Кыргыз моделинин негизги өзгөчөлүктөрү

**Жергиликтүү ресурстарга таянуу**

- Өнүгүү колдо бар нерседен башталат: чийки заттан, көндүмдөрдөн, салттардан. Бул чыгымды азайтып, продукттун өзгөчөлүгүн түзөт.

**Окутуу — милдеттүү этап**

- Бардык катышуучулар окутуудан өтүшөт: гигиена, сапат, өздүк нарк, рынок боюнча. Бул бирдей стандарттарды калыптандырып, каталарды азайтат.

**Өндүрүш топтору аркылуу иштөө**

- Өндүрүш топтук негизде уюштурулат. Бул туруктуулукту жогорулатып, көлөмдү көбөйтүүгө шарт түзөт.

**Ролдорду бөлүштүрүү (БАБП+1 модели)**

- Өндүрүүчүлөр өндүрүшкө көңүл бурат, ал эми БАБП+1 түзүмдөрү колдоо көрсөтүү, сапатты көзөмөлдөө жана продукцияны илгерилетүү милдетин аткарат.

**Сапат — ишенимдин негизи**

- Сапат рынокко чыгуунун негизги шарты катары каралат. Өзүн-өзү текшерүү, стандартташтыруу жана сертификация механизмдери киргизилет.

**Этап-этабы менен өнүгүү**

- Өндүрүш чакан көлөмдөн жана жөнөкөй технологиялардан башталып, андан ары акырындык менен өнүктүрүлөт.

**Рынокко багыт алуу**

- Продукт суроо-талапты, сатып алуучулардын талаптарын жана сатуу каналдарын эске алуу менен иштелип чыгат.

## Кыргызстандагы БАБП методологиясы: этаптык ыкма

Кыргызстанда БАБПны ишке ашыруунун алкагында төмөнкү ырааттуу кадамдарга негизделген методология калыптанган:

1. Аймакты талдоо
2. Жергиликтүү чийки затты изилдөө
3. Идеяларды алдын ала тандоо
4. Рынокту талдоо
5. Продуктту иштеп чыгуу
6. Технологияны иштеп чыгуу
7. Өндүрүүчүлөрдү мобилизациялоо
8. Окутуу жана өндүрүштүк тренингдер
9. Сыноо партияларын чыгаруу
10. Сапатты көзөмөлдөө жана сертификация
11. Брендинг, сатуу жана туруктуулукту камсыз кылуу

Ар бир этап мурунку этап менен логикалык жактан байланышкан. Бул ыкма тобокелдиктерди акырындык менен азайтууга, продукциянын сапатын жогорулатууга жана өндүрүш менен сатуунун туруктуу системасын түзүүгө жардам берет.

БАБПнын методологиялык ыкмасы продуктту ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн биринчи кезекте жергиликтүү шарттарды жакшы түшүнүү керек деген түшүнүккө

негизделет. Ошондуктан процесс ресурстарды талдоодон башталып, андан кийин гана продуктту иштеп чыгууга өтөт.

Өндүрүш дароо чоң көлөмдө башталбайт. Алгач технологиялар иштелип чыгат, окутуу өткөрүлөт жана чакан сыноо партиялары чыгарылат. Бул каталарды эрте этапта аныктоого жана жоготууларды азайтууга мүмкүндүк берет.

Сапатка жана рынокту текшерүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Суроо-талап тастыкталып, продукция талаптарга жооп берери аныкталгандан кийин гана өндүрүштү кеңейтүү жана сатуу каналдарын өнүктүрүү башталат.




**Сүрөт: Кыргызстанда БАБПны ишке ашыруу методологиясы: ресурстарды талдоодон рынокко туруктуу чыгууга чейин**

Бул ыкма өлкөнүн ар кайсы аймактарында колдонулуп, туруктуу натыйжаларды көрсөткөн:

- ✓ 500дөн ашык өндүрүүчү тартылган
- ✓ катышуучулардын олуттуу бөлүгүн аялдар түзөт
- ✓ продукция ички жана тышкы рынокто сунушталууда
- ✓ туруктуу өндүрүш топтору түзүлгөн

## «Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП) методологиясы: 11 ырааттуу кадам Кыргызстанда колдонулган ылайыкташтырылган модель

| № | Кадам | Кадамдын мазмуну | БАБП+1 ролу |
|---|---|---|---|
| 1 | Аймакты талдоо | Айыл аймагынын өзгөчөлүктөрүн, салттарын, адамдык потенциалын жана учурдагы жумуштуулукту аныктоо | Аймакты туура түшүнүүгө үйрөтүү, идеяны жөн эле ойлоп табуудан алыс болуу |
| **2** | Жергиликтүү чийки затты изилдөө | Жеткиликтүү чийки затты, сезондуулугун, көлөмүн жана туруктуу колдонуу мүмкүнчүлүгүн баалоо | «Чийки зат бар» менен «туруктуу өндүрүш мүмкүн» дегенди айырмалоону көрсөтүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3** | Алдын ала идеяларды тандоо | ОСОП принциптерине ылайык продукт багыттарын тандоо | Реалдуу эмес же жөн гана көчүрүлгөн идеяларды четтетүү |
| **4** | Рынокту талдоо | Керектөөчүнү жана рынок сегменттерин түшүнүү (жергиликтүү, шаардык, экспорт) | «Эмне жасай алабыз» эмес, «эмнени сатып алышат» деген ой жүгүртүүгө өтүү |
| **5** | Продуктту иштеп чыгуу | Рецептураны, дизайнды жана продукт концепциясын түзүү | Прототип жасап көрүү жана тестирлөө логикасын түшүндүрүү |
| **6** | Технологияны иштеп чыгуу | Жөнөкөй жана кайра колдонууга мүмкүн болгон өндүрүш технологиясын тандоо | Жабдууларды тандоодо эрте кетирилүүчү каталарды алдын алуу |
| **7** | Өндүрүүчүлөрдү мобилизациялоо | Үй-бүлөлөрдү жана топторду тартуу, өндүрүш командаларын түзүү | Мажбурлоо эмес, мотивация менен иштөөгө үйрөтүү |
| **8** | Окутуу жана өндүрүш тренингдери | Катышуучулардын көндүмдөрүн жогорулатуу жана техникалык деңгээлин теңдөө | Бирдиктүү сапат стандартын камсыз кылуу |
| **9** | Тесттик партияларды чыгаруу | Аз көлөмдө продукция чыгарып, алгачкы тесттик сатуу жүргүзүү | «Кичине кадамдар» ыкмасынын маанисин көрсөтүү |
| **10** | Сапатты көзөмөлдөө жана сертификация | Өзүн-өзү текшерүү, стандарттар жана сертификация системасын киргизүү | «Сапат = ишеним» деген түшүнүктү калыптандыруу |
| **11** | Брендинг, сатуу жана туруктуулук | Аймактык брендди өнүктүрүү, сатуу каналдарын түзүү, өндүрүштү туруктуу кылуу | Долбоордон туруктуу системага өтүүнү түшүндүрүү |

## 2.3. «Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП) ишке ашыруунун негизги кадамдары: жол картасы

Кыргызстанда **«Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП)** концепциясын ишке ашыруунун тажрыйбасы көрсөткөндөй, туруктуу жыйынтыкка жетишүү үчүн иштерди **так жана ырааттуу кадамдар менен жүргүзүү** маанилүү. Эл аралык тажрыйбанын жана пилоттук долбоорлордун негизинде Кыргызстанда БАБПты ишке ашыруунун **ылайыкташтырылган жол картасы** түзүлгөн. Бул жол карта продуктту өнүктүрүүнүн толук циклин камтыйт — аймактын мүмкүнчүлүктөрүн талдоодон баштап, продукцияны туруктуу рынокко чыгарууга чейин.

Бул жол карта коомдоштуктардын демилгелерин коштогон адистер үчүн практикалык багыт болуп кызмат кылат. Ал өндүрүштү этап-этабы менен өнүктүрүүгө, тобокелдиктерди азайтууга жана ар бир этапта сапатты камсыз кылууга жардам берет.

БАБПты ишке ашыруунун биринчи кадамы — **жергиликтүү чийки затты жана ресурстарды талдоо**. Бул этапта табигый ресурстар, адамдык потенциал жана маданий мүмкүнчүлүктөр изилденет. Ошондой эле алардын көлөмү, сезондуулугу жана туруктуу пайдалануу мүмкүнчүлүгү бааланат. Мунун максаты — конкреттүү айыл аймагынын

реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана жергиликтүү шартка туура келбеген продукттарды тандоодон сактануу.

Кийинки этапта **продукт идеясы жана өндүрүш технологиясы иштелип чыгат**. Бул жерде продукт жөнөкөй, кайра жасоого мүмкүн болгон жана рыноктун талаптарына жооп берген болушу керек. Кыргыз моделинде рецептураларды жана технологиялык карталарды иштеп чыгууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул чакан өндүрүш топторуна чоң инвестициясыз иш баштоого мүмкүнчүлүк берет.

Ошол эле учурда **өндүрүүчүлөрдү мобилизациялоо жана өндүрүш топторун түзүү** жүргүзүлөт. БАБПта коомдоштуктун бардык мүчөлөрүнө катышууга мүмкүнчүлүк берилет, бирок белгиленген эрежелерди жана сапат талаптарын сактоо милдеттүү. Бул этапта ролдор бөлүштүрүлүп, катышуучулар ортосунда жоопкерчилик аныкталат.

Жол картанын маанилүү бөлүгү — **өндүрүүчүлөрдү окутуу жана өндүрүш тренингдерин өткөрүү**. Окутуу практикалык мүнөздө болот. Анын максаты — катышуучулардын көндүмдөрүн жакшыртуу, сапат маданиятын калыптандыруу, продукциянын өздүк наркын түшүндүрүү жана рынок талаптарын үйрөтүү. Бул этап өндүрүш процесстеринин туруктуулугу үчүн негиз болуп саналат.

Даярдык бүткөндөн кийин **алгачкы тесттик партиялар чыгарылат**. Бул чакан көлөмдө продукция өндүрүү жана аны сыноо аркылуу жүргүзүлөт. Бул этапта технологиялар практикалык түрдө текшерилип, процесстер зарыл болсо оңдолот. Мындай ыкма көйгөйлөрдү эрте аныктоого жардам берет.

БАБПты ишке ашырууда **сапатты көзөмөлдөө, сертификация жана тесттик сатуу** маанилүү орунду ээлейт. Кыргыз моделине ылайык, рыноктун ишеними биринчи кезекте продукциянын сапатына байланыштуу. Ошондуктан бул этапта ички текшерүү, өзүн-өзү баалоо жана зарыл болсо тышкы сертификация жүргүзүлөт. Ошондой эле продукция чектелген каналдар аркылуу тесттик сатууга чыгарылат.

Кийинки этапта **аймактык брендинг жана сатуу механизмдери өнүктүрүлөт**. Бул соода түйүндөрү менен иштөө, көргөзмөлөргө катышуу, атайын дүкөндөрдү өнүктүрүү жана ири шаарлардын же экспорттук рыноктордун багытына чыгуу сыяктуу иштерди камтыйт. Кыргыз моделинин өзгөчөлүгү — өндүрүш топтору менен бизнес колдоо түзүмдөрүнүн ролдорун бөлүштүрүү. Бул продукцияны профессионалдуу деңгээлде илгерилетүүгө жардам берет.

Жол картанын акыркы этабы — **өндүрүштүн туруктуулугун камсыз кылуу жана рынокто бекем орун алуу**. Бул өндүрүш көлөмүн пландаштырууну, топтордун ишин координациялоону, сапатты сактоону, логистиканы өнүктүрүүнү жана катышуучуларды үзгүлтүксүз окутууну камтыйт. Ушул этапта БАБП долбоордук форматтан туруктуу экономикалык өнүгүү системасына өтөт.

Ошентип, **«Бир Айыл Бир Продукт» (БАБП)** ишке ашыруунун жол картасы — бул продуктту этап-этабы менен өнүктүрүүгө жардам берген практикалык модель. Ал тобокелдиктерди азайтып, айылдык коомдоштуктар үчүн туруктуу киреше булактарын түзүүгө шарт түзөт. Бул логика БАБПтын институционалдык моделин жана процесске катышкан тараптардын ролун түшүнүү үчүн негиз болуп кызмат кылат.